***Токтомаметов Алмазбек Даткабекович***
***Кыргыз билим берүү академиясы***
***педагогика илиминин кандидаты***

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУН МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ЖАНА ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТАР

***Токтомаметов Алмазбек Даткабекович***
***кандидат педагогических наук***
***Кыргызская академия образования***

# МОДЕРНИЗАЦИЯ СОДЕРЖАНИЯ НАЧАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ И ПРЕДМЕТНЫЕ СТАНДАРТЫ

***Toktomametov Almazbek Datkabekovich***
***candidate of pedagogics***
***Kyrgyz Academy of Education***

# MODERNIZATION OF PRIMARY EDUCATION AND SUBJECT STANDARDS

***Аннотация:*** *Макалада кийинки кездеги мектептик билим берүүдө болуп жаткан өзгөрүүлөр кеңири талкууланды. Кыргыз Республикасында Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын, жаңы базистик окуу планынын, предметтик стандарттардын, башталгыч класстардагы «Кыргыз тил» предметтик стандартынын өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болду. Ошондой эле башталгыч билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо үчүн алдыда аткарылуучу иштер, автордук топторду түзүүгө карата талаптар сунушталды.*

***Аннотация:*** *В статье широко обсуждены изменения, которые произошли в последнее время в школьном образовании. А также речь идет об особенностях Государственного стандарта общего среднего образования, нового базисного учебного плана, предметных стандартов, в том числе предметного стандарта «Кыргыз тил» в начальной школе. В ней рекомендованы предстоящие работы для модернизации содержания начального образования, требования к отбору авторских групп.*

***Annotation:*** *The article widely discussed changes that have occurred in recent years in school education. And it was about the features of the State standard of the general secondary education, the new basic curriculum, subject standards, including standards «Kyrgyz Til» subject in elementary school. It recommended the upcoming work for the modernization of the content of primary education, requirements for the selection of author groups.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *билим берүүнүн мазмунун модернизациялоо, базистик окуу планы, билим берүү чөйрөсү, предметтик стандарттар, окуу предметинин концепциясы, мазмундук багыттар, компетенттүүлүк, күтүлүүчү натыйжалар.*

***Ключевые слова:*** *модернизация содержания образования, базисный учебный план, образовательные области, предметные стандарты, концепция учебного предмета,*

*содержательные линии, компетентность, ожидаемые результаты.*

***Key words:*** *modernization of the content of education, basic curriculum, educational area, subject standards, the concept of the subject, content lines, competence, expected results.*

**Бул чын эле куррикулумбу?**

Жакында усулдук жардам алуу үчүн келген бир мугалим мындай деди:

- Куррикулум деген негизинен жакшы эле экен, бирок, куррикулум менен сабак өткөндө балдарды топтордо тегерек отургузуп коюп, топтун бир тарабындагы балдар доскага артын салып калып, кыйналып жатышат.

- Эмне үчүн окуучулар сөзсүз тегерек отурушу керек? Уй мүйүз тартып же така түрүндө отурса болот да, ошондо доскага артын салган окуучулар болбойт.

- Андай кылганга болбойт, анда текшерүүчүлөр бизди жазалайт.

Мен бул мугалим туура эмес түшүнүп алып, жаңылып жатат го деген ойдо калдым. Бирок, кийин жер-жерде тренинг өткөндө, башка мугалимдер да ушул сөздөрдү айтышты.

**Чын эле куррикулумдун талабы ушундайбы же учурда кандай өзгөрүүлөр болууда?..**

1. Кыргыз Республикасында Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилди [1]. Мамлекеттик стандартта жалпы орто билим берүүнүн максаттары, милдеттери жана натыйжалары, билим берүү чөйрөлөрү, окуу предметтеринин аталыштары, негизги компетенттүүлүктөр, алардын калыптанышынын үч деңгээли, предметтик стандарттардын түзүмү, класстар жана жума боюнча окуу жүктөмүнүн чектери, инварианттык жана варианттык компоненттер, класстар боюнча мамлекеттик компоненттин, мектептик компоненттин, тандоо боюнча предметтердин пайыздык үлүшү жана баа берүү тутуму аныкталган.

2. Жалпы орто билим берүүнүн жаңы базистик окуу планы (БОП) бир топ талкуудан кийин бекиди [2], ал 2017-2018-окуу жылынан баштап ишке кирмекчи.

Бул БОПко ылайык, анда инварианттык жана варианттык (мектептик) компоненттер бар, башталгыч класстардагы бир топ окуу предметтеринде өзгөрүүлөр болду: жаңы окуу предметтери кирди, айрымдары бирибирине кошулду, кээ бир окуу предметтери кыскарып, анын материалдары башка окуу предметтерине берилди.

Мамлекеттик компонентке ылайык, 1-класста 19 саат, 2-класста 20 саат, 3-класста 22 саат, 4-класста 23 саат болсо, мектептик компонент боюнча 1-класста 1 саат, 2-3-4-класстарда 2 саат бар. Бул сааттар мектептин тандоосу боюнча окутулат, бирок мамлекет тарабынан төлөнөт. Демек, мектеп жамаатында башталгыч класстардан баштап эле каалоосу боюнча сааттарды киргизүү мүмкүнчүлүгү болууда.

Ошондой эле башталгыч класстарда 2-класстан баштап ар бир класста 1 сааттан акы алуу менен кызмат көрсөтүүгө жол берилет [2].

3. Жалпы орто билим берүү боюнча жаңы предметтик стандарттар даярдалууда. Учурда 5-11-класстардагы бардык окуу предметтери боюнча предметтик стандарттар бекитилди. Ал эми башталгыч билим берүү боюнча предметтик стандарттар (куррикулум) даярдалып, коомчулукта ар түрдүү пикирлерди жаратып, чоң талаш-тартыштар менен 2011-жылы (5 жыл мурда) жактырылган. Албетте, анын жакшы жактары да, кемчиликтери да бар эле. Айыл мугалими белгилеп кеткендей, айрым учурларда куррикулумдун талаптарын туура эмес түшүнүп, ошол боюнча талап кылган учурлар да бар.

Куррикулум жаатындагы абдан көйгөйлүү маселе – аны даярдоого ондогон миллион

АКШ долларлары жумшалганы менен, бул каржылар кумга сиңген суудай дайынсыз жоголуп, учурда анын расмий вариантын эч бир жерден ала албайбыз, жада калса ага шилтеме да жасай албайбыз.

Ошол куррикулумдун өзүндө ар бир беш жылда анын мазмунун жаңылоо талабы коюлат. Демек, башталгыч билим берүү боюнча предметтик стандарттардын мазмунун жаңылоого убакыт келип жетти. Экинчиден, КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен Кыргыз Республикасында Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты бекитилди. Бул мамлекеттик стандартта предметтик стандарттардын түзүмү так аныкталды, демек, ар бир предметтик стандарт ага ылайык түзүлүшү шарт. Ошондой эле мамлекеттик стандарт менен окуучулардын компетенттүүлүгүнүн үч деңгээли (репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү) белгиленди. Бул аталган өзгөчөлүктөр, окуудан күтүлүүчү натыйжалар мурдагы предметтик стандарттарда (куррикулумда) толук иштелген эмес. Учурда башталгыч билим берүү боюнча бир топ предметтик стандарттар даярдалып, расмий бекитилсе, калган предметтер боюнча учурда даярдоо иштери жүрүүдө.

4. «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы 2015-2016-окуу жылынан баштап бүтүндөй республика боюнча ишке ашырыла баштады [8]. КР Билим берүү жана илим министрлигинин маалыматы боюнча бул окуу жылында ушул курактагы балдардын болжолдуу 98 %ы бул программага тартылды. Программа менен иштей турган мугалимдер, тарбиячылар үчүн жер-жерлерде окуулар өтүп, кадрлар даярдалды. Окуу программасы, усулдук сунуштар жана окуу куралдары даярдалып, басылып чыкты.

Бул программага негизинен бакчага барбаган жана башка программаларга тартылбаган 6 жаштагы балдар катышат. Бирок, кийинки кезде программанын артыкчылыгын белгилөө менен, бакчаларда да ушул программа менен иштөө боюнча сунуштар көп түшүүдө.

Балдарды мектепке даярдоо маселеси республикадагы абдан курч көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Анткени балдарды мектепке чейинки мекемелерге тартуу Союз урагандан кийин 14%га түшүп кеткен болсо, учурда бул көрсөткүч болжолдуу – 18,5%. Бакчага барган балдар да, барбаган балдар да, негизинен, мектепте бирдей программа менен окутулат. Ошондуктан балдарды мектепке даярдоо программалары мектепке жаңы келген балдар үчүн бирдей шартты түзүү мүмкүнчүлүгүн карайт.

Буга чейин 2006-2012-жылдарда 100 сааттык балдарды мектепке даярдоо программасы иштеди. Бирок, 100 сааттык программа абдан эле аздык кылары белгиленип, 2012-жылдан 2015-жылга чейин 240 сааттык программа ишке ашырылып келди. Ал да балдарды мектепке толук даярдоо үчүн аздык кылары аныкталып, жогоруда белгилегендей, 2015-2016-окуу жылынан баштап «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы бүтүндөй республика боюнча иштей баштады .

Бул программа менен иштөөдө бир топ ийгиликтер менен катар айрым көйгөй маселелер да курч боюнча калууда, алсак:

1. Бардык жерде эле класстын ичи бул балдар менен иштөө үчүн ылайыктуу эмес, б.а. өнүктүрүү борборлорун түзүүгө ыңгайлашпаган, парталар класстардагыдай катар коюлган. Бул куракттагы балдар менен иштөөдө негизинен мектепке чейинки усулдук камсыздоо болушу шарт.

2. Балдарды мектепке даярдоо программасына негизинен башталгыч класстардын мугалимдери тартылып, алар үчүн атайын окуулар өткөнүнө карабастан, бул балдардын өзгөчөлүктөрү эске алынбастан, көпчүлүк учурда башталгыч класстардагы окутуу ык-

малары, окутуу формалары, мамилелер колдонулууда.

3. Ата-энелерде, коомчулукта да балдарды мектепке даярдоо программасынын максат-милдеттери, анын өзгөчөлүктөрү тууралуу жеткиликтүү маалымат болбогондуктан, аны туура эмес кабылдап, мугалимдерден тездетип окутууну, жаздырууну талап кылган учурлар, бул боюнча карама-каршылыкка жеткен жагдайлар да бар.

4. Балдарды мектепке даярдоо программасы ишке кирип, балдар бир жыл бою мектепте болгондон кийин, 1-класстын, жалпы эле башталгыч класстардын окуу программаларында, билим берүү мазмунуна өзгөрүүлөрдүн кириши шарт. Бирок, бул ырааттуулук азырынча ишке аша элек.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, кийинки жылдарда жалпы орто билим берүүдө орчундуу өзгөрүүлөр болууда. Төмөнкү чиймеде ошол өзгөрүүлөрдүн биринин маңызын чагылдырган материалдар, б.а. билим берүү чөйрөлөрү, ошондой эле учурдагы жана жаңы базистик окуу планындагы окуу предметтер, алардын сааттары салыштырылып берилди.

*Билим берүү чөйрөлөрү, учурдагы жана жаңы базистик окуу пландарындагы окуу предметтер*

| **Билим берүү чөйрөлөрү** | **Учурдагы окуу планындагы окуу предметтер** | | | **Жаңы базистик окуу планындагы окуу предметтер** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Тилдик чөйрө | 1. | Эне тил (сабат ачуу, кыргыз тил, адабий окуу) | 6-7 саат | 1. | Эне тил (сабат ачуу, кыргыз тил, адабий окуу) | 6 саат |
| | 2. | Орус тил | 3 саат | 2. | Орус тил | 3 саат |
| | 3. | Чет тил, 3-класстан | 2 саат | 3. | Чет тил, 3-класстан | 2 саат |
| Социалдык чөйрө | 4. | *Адеп* | 1 саат | | - | - |
| Математикалык чөйрө | 5. | Математика | 4-6 саат | 4. | Математика | 4-5 саат |
| Табигый илимдер чөйрөсү | 6. | *Мекен таануу* | 1 саат | 5. | *Курчап турган чөйрө* | 2 саат |
| Технология чөйрөсү | | - | - | 6. | *Технология, эмгек жана дизайн*, 2-класстан | 1 саат |
| Искусство чөйрөсү | 7. | Музыка | 1 саат | 7. | Көркөм өнөр /музыка | 2 саат |
| | 8. | Көркөм өнөр | 1 саат | | | |
| Ден соолук маданияты чөйрөсү | 9. | Дене тарбия | 2 саат | 8. | Дене тарбия | 2 саат |
| | 10. | *Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери* | 1 саат | | - | - |
| | | | | | *Варианттык (мектептик) компонент* | *1-2 саат* |

*Эскертүүлөр*:

1. Учурда колдонулуп жаткан окуу планындагы окуу предметтердин катар ирети мындан айырмаланат, салыштыруу максатында алар жаңы базистик окуу планындагыдай иретте берилди.

2. Социалдык чөйрөдөгү Адам жана коом предмети «Табигый илимдер» чөйрөсүндөгү «Табият таануу» предмети менен жуурулушуп, «Курчап турган чөйрө» предмети болуп, ага 2 сааттан берилди.

Чиймеден көрүнүп тургандай, базистик окуу планында «Технология окуу» предмети

2-класстан баштап 1 сааттан болуп калды [2]. Анын саатын варианттык (мектептик) компоненттеги сааттарды эсебинен көбөйтүүгө болот. Чындыгында жумасына 1 саат деген бул болбогон көрүнүш. Ошондуктан буга чейин «Окуу планындагы 1 саат окуучунун күндөлүгүндөгү 1 деген баа менен барабар» деп айтып да, жазып да келебиз. Бир саатта өтүлгөн материал бир жумада унутулуп бүтөт, эгерде кайсы бир себеп менен ошол сабак болбой калса, анда ал жарым айда бир жолу өтүлөт.

**Жаңы предметтик стандарттардын өзгөчөлүктөрү эмнеде?**

Кыргыз Республикасында Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (КР Өкмөтүнүн токтому, №403 21.07.14.) менен предметтик стандарттардын түзүмү так аныкталган. Демек, ар бир предметтик стандарт ушундай түзүмдө болушу шарт:

1-бөлүм: Жалпы маселелер;

1.1. Документтин статусу жана түзүмү;

1.2. Негизги ченемдик документтердин тутуму;

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер;

2-бөлүм: Предметтин концепциясы;

2.1. Предметти окутуунун максаттары жана милдеттери;

2.2. Предметтин түзүлүш методологиясы;

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр;

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы;

2.5. Мазмундук багыттар. Окуу материалдарынын мазмундук багыттар жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү;

2.6. Предмет аралык байланыш. Өтмө тематикалык багыттар;

3-бөлүм: Билим берүү натыйжалары жана баалоо;

3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (мазмундук багыттар жана класстар боюнча);

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары;

4-бөлүм: Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар;

4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар;

4.2. Кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү.

Колдонулган адабияттар

Башталгыч класстарда Кыргыз тил боюнча түзүлгөн предметтик стандарт да ушундай түзүмдө болуп, анда беш мазмундук багыт, беш предметтик компетенттүүлүк жана окуудан күтүлүүчү натыйжалар класстар боюнча салыштыруу түрүндө жаңыдан аныкталды. Предметтик компетенттүүлүктөр мазмундук багыттар менен өтө тыгыз байланышта болду. Анткени предметтик компетенттүүлүктөр мазмундук материалдардан келип чыгат, алардын негизинде калыптанат. Башталгыч класстарда бул өзгөчө мааниге ээ болот [6, 8-9, 15-35-б.].

**Эне тил предметинин мазмундук багыттары**

1. Тыбыш жана тамга;

2. Муун, сөз жана сөз түркүмдөрү;

3. Сөз айкашы, сүйлөм жана сүйлөм мүчөлөрү ;

4. Кеп маданияты жана иш кагаздары;

5. Тематикалык тексттер жана балдар китептери менен иштөө;

**Эне тил предмети боюнча компетенттүүлүктөр**

1) Тыбыш жана тамга менен иштей алуу (К1);

2) Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2);

3) Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3);

4) Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4);

5) Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5);

**Күтүлүүчү натыйжалар**

Күтүлүүчү натыйжалар төмөнкүдөй таблица түрүндө класстар боюнча салышты-

рылып берилди жана ар бир натыйжа ченеле тургандай болду. Бул баалоо үчүн абдан маанилүү.

Анда күтүлүүчү натыйжалардан бир-эки мисал келтирели.

*Эскертүү*:

Биринчи цифра – классы.

Экинчи цифра – мазмундук багыттын номери.

Үчүнчү цифра – компетенттүүлүктүн номери.

Төртүнчү цифра – күтүлгөн натыйжанын номери.

| Мазмун-дук багыт-тар | Компе-тент-түүлүк-төр | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс |
|---|---|---|---|---|---|
| 5. Тема-тикалык тексттер жана балдар китеп-тери менен иштөө | К2. К3. К4. К5. | 1.5.5.11. Сүрөт-төн көргөн нер-селерин атайт. | 2.5.5.11. Сүрөткө карата берилген су-роолорго жооп бере алат. | 3.5.5.12. Сүрөткө карата суроолорду түзө алат. | 4.5.5.13. Сүрөттөн көргөндөрүн баян-дап текст түзө алат. |
| | | 1.5.5.12. Пред-меттик сүрөт эмне тууралуу экендигин айтат. | 2.5.5.12. Сюжеттик сүрөт боюнча сүй-лөп бере алат. | 3.5.5.13. Сюжеттик сүрөттөрдү текст тү-рүндө баяндап бе-рет. | 4.5.5.14. Сүрөткө карата өз оюн бил-дирет. |
| | | | | 3.5.5.14. Өтүлгөн текст боюнча су-роолорду түзөт. | 4.5.5.15. Өтүлгөн текстке карата кайра айтуу планын түзөт. |
| | | 1.5.5.13. Каармандар-дын кылык-жорукта-ры, мүнөзү, иш-аракети тууралуу суроолорго жооп берет. | 2.5.5.13. Каармандардын кылык-жоруктарын, мүнөзүн, иш-араке-тин салыштырат. | 3.5.5.15. Каармандардын кылык-жоруктарын, мүнөзүн, иш-араке-тин талдайт. | 4.5.5.16. Каармандардын кылык-жоруктары-на, мүнөзүнө, иш-аракетине карата өзүнүн пикирин ар-гументтер менен билдирет. |
| | | 1.5.5.14. Текст эмне тууралуу экендигин айтат. | 2.5.5.14. Тексттеги окуяны талдайт. | 3.5.5.16. Тексттеги окуяны башка окуя-лар менен салыш-тырат. | 4.5.5.17. Тексттеги окуяга баа берүү менен өз пикирин билдирет. |

**Алдыда кандай иштерди аткаруу кажет**

Жогоруда сөз болгон өзгөрүүлөрдүн негизинде төмөнкү иштерди аткаруу зарылдыгы жаралууда.

1. «Наристе» балдарды мектепке даярдоо (480 саат) программасы жаңы ишке кирип жаткандан кийин, анын алгылыктуу жана алсыз жактарын талкуулоо, зарылчылык болсо, программага алымча-кошумчаларды жана 1-4-класстардын окуу программаларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

2. Натыйжада 1-класста «Алиппе» окуу китеби менен катар «Кыргыз тил» жана «Адабий окуу» боюнча китептер чыгышы абзел.

3. Башталгыч билим берүүнүн мазмунуна өзгөртүү киргендигине байланыштуу ага ылайык предметтик стандарттар, предметтик стандарттардын негизинде типтүү окуу программалары даярдалышы, жаңы муундагы окуу китептери басылып чыгышы, ал

үчүн компетенттүү автордук топтор түзүлүшү шарт.

4. Жогоркулардын негизинде окуу китептерин даярдоодо жана басып чыгарууда автордук топторду тандап алууга өзгөчө көңүл бурулуусу кажет.

**Автордук топторду түзүүгө, окуулуктар менен иштеген адистерге өзгөчө көңүл буруу дегенди кандайча түшүнөбүз?**

Башталгыч класстар боюнча жаңы муундагы акыркы окуу китептерин даярдоодо автордук топторго байланышкан бир топ көйгөй маселелер жаралды.

Алсак, башталгыч класстардын бир классынын жаңы окуу китеби менен усулдук колдонмосунун кол жазмаларынын ортосунда айырма абдан чоң болуп, алар бири-бирине дал келбеди. Муну алар шашылыш түрдө бири айылда окуу китебин, экинчиси шаарда бири-бири менен макулдаша албаган шартта усулдук колдонмону даярдаганы, күнүнө төрт сабактын материалын иштеп чыгышканы менен түшүндүрүштү.

Ал эми «Эмне үчүн силердин китепте окуу программасында жок материалдар орун алган?» деген суроого «Бизге басмадан орусчага которулган Франциянын окуу китебин беришкен, биз көп материалдарды ошол жактан алганбыз, көрсө ал материалдар биздин окуу программабызга туура келбейт экен» деген жообун берди.

Ошол эле авторго мурда макала жазгандыгы тууралуу суроо берилгенде, буга чейин бир да макала жазбагандыгын билдирди.

Экинчи бир окуу китеп жогорку класстардын деңгээлинде татаал даярдалып калгандыгына күбө болдук. Аларды оңдоп чыгууга абдан көп күч, аракет жумшалды. Буга бир жыл бою Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан өткөрүлгөн сынак (апробация) чоң жардам берди, б.а. бул сынак өзүн актады.

Үчүнчү окуу китеби тууралуу айта турган болсок, бизде «Кыргыз тил» предмети «Кыргыз тил» жана «Адабий окуу» курстарынан туруп, ошого ылайык окуу китептери өзүнчө басылып чыгып, алар өз-өзүнчө окутулат. Туркия, Тажикстан сыяктуу өлкөлөрдө ал бир гана предметтен турат, бир гана окуу китеп чыгат. Биздин автордук топтор ишке киришердин алдында басма аларга туркиялык кеңешчини жалдап берген. Мунун натыйжасында окуу китеп туркиялык түзүмдүн негизинде даярдалып, биздеги система сакталган эмес.

Ал эми жаңы «Алиппе» тууралуу сөз кылсак, анда каталар көп орун алган жана окуу китеп техникалык талаптарга жооп бербейт. Биринчиден, биринчи класстын окуу китептери мындай форматта болбошу керек. Экинчиден, «Алиппе» бир жылга эсептелгени менен, анын көлөмү абдан аз, б.а. кичинекей формат менен болгону 112 гана бетти түзөт. Демек, анын техникалык тапшырмасын даярдаган адистерде бул жааттагы компетенттүүлүк жетиштүү болгон эмес.

Бул айтылгандарды эске алуу менен, окуу китептеринин авторлорун тандоодо, биринчиден, алар окуу предметинин жана анын негизинде окуу китебинин концепциясын сунуш кылып, аны коргошу зарыл. Экинчиден, авторлорго минималдуу талаптар коюлушу керек. Ал талаптарды кеңири талкуунун негизинде иштеп чыкса болот. Болгону бул талаптар жакпаган авторлор үчүн жасалма тоскоолдук болуп калбашы керек.

Автордук топто практик мугалимдердин да, илимий чөйрөнүн өкүлдөрүнүн да, усулчулардын да болушу анын сапаттык деңгээлин арттыртмак.

Ошону менен катар окуу китептери менен иштеген адистерге да катуу талаптар коюлушу жана авторлор үчүн окууларды такай өткөрүп туруу зарыл. Эч кандай талап жок эле басылмалардын авторлордун каалагандай тандап алышы дайыма олуттуу көйгөйлөрдү жарата бермекчи.

Дагы бир орчундуу маселе, башталгыч класстарга тиешеси жок адистердин предметтик стандарттарды, окуу программаларын жана окуу китептерин түзүүгө аралашуусун колдон келишинче минималдаштыруу керек. Анткени алар башталгыч класстарда окутуунун өзгөчөлүктөрүн жакшы билбей, даярдаган материалдары, окуу китептери көпчүлүк учурда татаал, оор болуп калууда.

Жыйынтыктап жатып, белгилей турган нерсе, макалада көтөрүлгөн маселелер педагогикалык коомчулук менен системалуу талкууланып турушу зарыл.

**Адабияттар:**


1. «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты», КР Өкмөтүнүн 21.07.14. №403 токтому менен бекитилген;
2. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу планы, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 8-октябрындагы 1246/1 буйругу менен бекиген.
3. Башталгыч билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. –Б., 1996;
4. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. Башталгыч класстар. –Б., 2006;
5. «Башталгыч класстардагы окууга коюлуучу базалык талаптар», КББАнын Окумуштуулар кеңеши тарабынан (02.06.2014.) бекитилген;
6. Башталгыч класстардагы Кыргыз тил боюнча предметтик стандарт, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2016-жылдын 21-апрелиндеги коллегиясынын чечими менен бекиген.
7. Башталгыч класстардын программалары (Кыргыз тил, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, математика, Мекен таануу), -Б., 2015;
8. «Нариcте» (480 саат) балдарды мектепке даярдоо программасы, КР Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекиген.
9. Федеральный государственный образовательный стандарт начального общего образования. Утв. приказом Министерства образования и науки Российской Федерации от 06.10.2009, №373;
10. Токтомаметов А., «Кыргыз башталгыч класстары үчүн адабий окуу китептеринин дидактикалык негиздери». Педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу диссертациясынын авторефераты. -Б., 1995;
11. Иптаров С.И. Образ школьного образования // КББАнын кабарлары, №2 (30), -Бишкек, 2014;
12. Лайл М. Спенсер, Сайн М. Спенсер, Компетенции на работе. Пер. с англ. –М., HIPPO, 2005;
13. «Начальная школа за рубежом», http://www.education-medelle.com;
14. Кыргыз билим берүү академиясынын сайты: www.kao.kg.


***Рецензент: п.и.к., профессор***
***Калдыбаев С.К.***